«МАКУЛДАШЫЛГАН»

"Сапаттуу Билим" агенттигинин негиздөөчүлөрүнүн чогулушунун №___6___протоколу 22.07.2025ж.

«БЕКИТИЛГЕН»

агенттиктин директору Бостонова П.З.

____________________

ЖОБО
«САПАТТУУ БИЛИМ» АГЕНТТИГИНИН ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯСЫ ТУУРАЛУУ

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Эксперттик комиссия (мындан ары – Комиссия) билим берүү уюмдарынын жана/же билим берүү программаларынын ишмердүүлүгүн аккредитация процедураларынын алкагында экспертизадан өткөрүү үчүн түзүлөт.

1.2. Комиссия өз ишин мыйзамдарга, аккредитация органынын нормативдик актыларына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

1.3. Комиссия – белгилүү бир аккредитациялык экспертизаны жүргүзүү үчүн түзүлгөн убактылуу коллегиалдык орган.

**2. Эксперттик комиссиянын максаты жана милдеттери**

2.1. Билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын (кластеринин) тышкы экспертизасын жүргүзүү максатында «Сапаттуу Билим» агенттиги атайын даярдыктан өткөн адистердин ичинен эксперттик комиссия түзөт. Комиссия 3–5 көз карандысыз эксперттен турат. Зарылчылыкка жараша чет өлкөлүк адистер, бүтүрүүчүлөрдү даярдоо профили боюнча иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана студенттик коомчулуктун (студенттердин) өкүлдөрү тартылышы мүмкүн. PhD программаларын экспертизадан өткөрүү үчүн тиешелүү илимий тармактардагы илимий-изилдөө уюмдарынын, анын ичинде чет элдик өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн. Комиссиянын ишин Агенттиктин штаттык кызматкерлеринин ичинен дайындалган референт коштоп жүрөт.

Эгерде билим берүү уюмунда бир нече билим берүү программалары (кластерлери) аккредитациядан өтүп жатса, даярдоо багыттары/адистиктери боюнча ар бир программа үчүн же кластерлер үчүн өзүнчө комиссиялар түзүлүшү мүмкүн.

2.2. Эксперттин ишмердүүлүгүндөгү негизги принциптер: ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, калыстык, обьективдүүлүк жана берилген документтер менен иштөөдө купуялуулукту сактоо.

2.3. Көз карандысыз эксперттер – академиялык жана илимий коомчулуктун өкүлдөрү, анын ичинде чет өлкөлүк эксперттер аккредитациялоочу уюмдар, коомдук жана кесиптик бирикмелер, фонддор, ассоциациялар тарабынан сунушталышы мүмкүн. Ошондой эле, агенттик өзү даярдаган эксперттер болушу мүмкүн.

Академиялык коомчулуктун өкүлү катары тандалып алынуучу эксперттерге коюлуучу талаптар: жогорку билим берүү, илим же өндүрүш тармагында иш стажы; жетекчилик кызматтардагы иш тажрыйбасы; илимий даража же наамдын болушу; экспертизанын багытына ылайык профили.

2.4. Кесиптик коомчулуктун (иш берүүчүлөрдүн) өкүлдөрү негизги өнөктөш мекемелер, профилдик министрликтер же жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери тарабынан сунушталат.

Талаптар: программаны баалоого тийиштүү компетенция, профили боюнча жетекчилик кызматта иш стажы.

2.5. Студенттик коомчулуктун өкүлдөрү (студенттер, магистранттар, аспиранттар) тышкы билим берүү мекемелери же студенттик бирикмелер тарабынан көрсөтүлөт.

Талаптар: билим берүү мекемесинин жетекчилигинин сунуш каты, жогорку билим берүүнүн укуктук базасын билүү, Болон процессинин негизги жоболорун билүү.